# ИСЛАМ МАМЛЕКЕТИНИН КОНСТИТУЦИЯ ДООЛБОРУ

## Исламдагы башкаруу формасы

Исламдын башкаруу системасы курула турган негизинде да, иштерди башкарууда колдонуп жаткан пикирлер, түшүнүктөр, өлчөөлөр жана өкүмдөрүндө да, ишке ашырып жана колдонуп жаткан конституция жана мыйзамдарында да, Ислам мамлекети көрүнгөн жана дүйнөдөгү бардык башкаруу формаларынан айырмаланып турган формасында да дүйнөнөгү бардык башкаруу системаларынан кескин айырмаланат.

## Исламдагы башкаруу формасы – падышалык (королдук) эмес.

Исламдагы башкаруу системасы – падышалык системасы эмес. Ал падышалык системаны тан албайт жана падышалык системага окшобойт.

Падышалык системасында башкаруу аталардан балдарга кудум малы-дүйнөлөрү мурас калгандай мураска калат. Исламдагы башкаруу системасында эч кандай мураскорлук жок, балким, Үммөт ыраазылыгы жана ыктыяры менен байъат кылган адам башчылык кылат.

Падышалык системасы падышаны башка жарандарда болбогон бир нече укук жана артыкчылыктар менен камсыздайт, аны мыйзамдан өйдө коёт жана кол тийгис кылып жоопкерчиликтен чыгарып коёт. Бүгүнкү күндө падышалык системанын эки түрүн кездештиребиз:

а) падыша элдин символу катары таанылып, бардык нерсеге ээ болот, бирок, башкарууга башчылык кыла албайт. Буга Европа падышалары мисал болот;

б) Ээлик кылып, башкарууга башчылык кылат, а түгүл, башкаруунун булагы да болуп алат, мамлекет жана жарандар үстүнөн өзү каалагандай, өз ыктыярына карап башкарат. Буга Саудия, Марокко жана Иордания падышалары мисал боло алат.

Исламдагы башкаруу системасы болсо, Халифаны эч бир укук жана артыкчылыктар менен айырмалабайт, халифанын укугу үммөттүн ар бир адамы ээ болгон укуктар менен бирдей болот. Ал үммөт үчүн «ээлик кылып, өкмөттү башкарбай турган» адам да эмес, «ээлик кылып, өкмөттү башкара турган, мамлекет жана жарандар үстүнөн өзү каалагандай, өз ыктыяры менен башкара турган» адам да эмес, балким, ал өкмөттү башкарууда жана бийлик иштеринде Үммөттүн жардамчысы гана болот. Үммөт аны Алланын шариятын үммөткө карата ишке ашыруусу үчүн ыраазылык менен байъат берип, тандап алган. Халифа үммөттүн иштерин жана кызыкчылыктарын сактоодо жана бардык өкүм жана башкарууларында шаръий өкүмдөр менен чектелген.

Мындан тышкары, Исламдын башкаруу системасында валиахддык (бийлик тактысын мураска калтыруу) жок, балким, Ислам бийликти мураска калтырууну жана бийликке мурас жолу менен олтурууну жокко

чыгарат. Акимият-бийликке ээ болуу жолун халифага үммөттүн ыктыяр жана ыраазылык менен байъат берүүсүнө чектейт.

## Исламда башкаруу формасы – республикалык форма эмес

О.э. Исламдагы башкаруу системасы республикалык система эмес. Себеби, республикалык система кожоюндук элдики болгон демократиялык негизге курулат. Анткени, демократиялык системада эл өкүм жүргүзүү жана мыйзам түзүү иштерине ээлик кылат.

Исламдын башкаруу системасы Ислам акыйдасы жана өкүмдөрү негизине курулган. Исламда кожоюндук элдики эмес, шарияттыкы. Исламда үммөт да, халифа да мыйзам түзүү укугуна ээ эмес. Анткени, мыйзам түзүүчү – жалгыз Алла Субханаху ва Таала. Халифа болсо конституция жана мыйзамдарды Алланын Китеби жана Расулунун Сүннөтүнөн табанний кылуу укугуна гана ээ. Үммөт халифаны четтетүү укугуна ээ эмес, аны шарият четтетет. Үммөт халифаны дайындоо укугуна ээ. Себеби, Ислам бийлик жана башкаруу укугун үммөткө берген жана үммөт өзү каалаган жана байъат берген кишисин бул ишке жардамчы кылып дайындайт.

Республикалык системанын президенттик формасында мамлекет башчысынын жана министрлер төрагасынын укуктарын республика президенти ээлейт. Президент менен бирге министрлер гана болот. Буга Америка Кошмо Штаттарынын президентин мисал кылууга болот. Республикалык системанын парламенттик формасында болсо, республика президенти жана премьер-министр болот. Мында өкүм жүргүзүү укугу республика президентинде эмес, балким, министрлер кеңешинде болот. Буга Германия республикасы мисал болот.

Ал эми, халифалык системасында болсо, халифа менен бирге компетенция жана ыйгарым укуктарга ээ болгон демократиялык маанидеги министрлер да, министрлер кеңеши да болбойт. Балким, анда муавындар болуп, алар халифалык милдетин өтөөдө жардам берүүлөрү үчүн халифа дайындаган вазирлер болот. Алар тафвиз (белгилүү бир иштер тапшырылган) вазирлер же танфиз (аткаруучу) вазирлер болот. Мамлекет башчысы аларга башчылык кылган убакта премьер-министр катары же аткаруучу комитеттин башчысы катары эмес, балким, мамлекет башчысы катары башкарат. Аны менен бирге өкүм жүргүзүү укугуна ээ болгон министрлер кеңеши болбойт. Бардык укуктарга жалгыз халифа ээлик кылат. Муавындар болсо бул укуктарды ишке ашырууда халифага жардамчы болушат.

Мындан сырткары, республикалык системанын эки формасында тең президент элдин жана эл өкүлдөрүнүн алдында жоопкер болот, эл жана эл өкүлдөрү аны четтетүү укугуна ээ болушат. Себеби, республикалык системада кожоюндук элдики болот.

Ал эми, халифа үммөт алдында, үммөт өкүлдөрү алдында жоопкер болсо да, алар тарабынан эсеп-китеп кылынып тергелип турулса да, бирок, аны үммөт да, үммөт өкүлдөрү да милдетинен четтете албайт. Халифа аны четтетүүнү важып кыла турган даражада шариятка тескери иш кылганда гана милдетинен четтетилет, муну болсо мазолим мекемеси чечет. Республикалык системада – президенттик формасында да, парламенттик формасында да – мамлекет башчысынын башкаруу мөөнөтү белгилүү бир убакыт менен чектелет.

Халифалык системасында болсо, халифага белгилүү бир убакыт белгиленбейт, балким, мөөнөт шариятты ишке ашыруу менен гана чектелет. Халифа адамдарга башчылык кылууда шариятка карап иш алып барса жана Алланын Китеби жана Расулунун сүннөтүнөн алынган Ислам өкүмдөрүн ишке ашырса, халифалык мөөнөтү канчалык узак болбосун, ал халифалыгында кала берет. Эгер ал шариятка тескери иш тутса жана Ислам өкүмдөрүн ишке ашыруудан алыстаса, мейли, халифа болгонуна бир ай же бир күн болгон болсо да, анын мөөнөтү бүтөт жана четтетүү важып болуп калат.

Жогоруда баян кылынган нерселерден белгилүү болгондой, республикалык система менен Исламдагы Халифалык системасынын ортосунда о.э. республикалык системадагы президент менен Ислам системасындагы халифанын ортосунда өтө чоң айырма бар.

Ушуга ылайык, Ислам системасы – республикалык система, же «Ислам республикасы» делиши таптакыр мүмкүн эмес. Себеби, бул эки системанын ортосунда: алардын ар бири курулган негизде да, алардын форма жана деталдарында да үлкөн айырма бар.

## Исламдагы башкаруу формасы – императорлук эмес.

Исламдагы башкаруу императорлук эмес, тескерисинче, императорлук Исламдан өтө узак. Ислам мамлекетиндеги өлкөлөрдө жашап жаткан калктын улуту ар кыл болуп бир жалгыз борборго байланышына карабастан, Ислам аларга карата императорлук системасы менен өкүм жүргүзбөйт, балким, ага тескери болгон система менен өкүм жүргүзөт. Себеби, императорлук системасы өзүнүн кол астындагы өлкөлөрдө жашап жаткан улуттар арасында теңдик менен өкүм жүргүзбөйт, балким, императорлук борборго бийлик, байлык жана экономикада бир канча артыкчылыктарды жаратып берет.

Өкүм жүргүзүүдөгү Ислам тарыйкаты болсо, мамлекеттин бардык бөлүктөрүндө жашоочу жарандар ортосунда теңдикти орнотот, улутчулдукту жокко чыгарат, мамлекет жарандыгын кабыл алып жашап жаткан башка дин кишилерине да жарандык укук берет, милдеттерин белгилейт. Мындан тышкары, Ислам мамлекети өз жарандарынын ар бирине – алар кайсы мазхабда болушуна карабастан, ал тургай,

мусулман болушпаса да – жаран болбогон кишилерге бербеген бир катар укуктарды берет. Ислам бардык жарандарына мына ушундай тең укук жана милдеттер бериши менен императорлук системасынан айырмаланат. Ислам өзүнүн бул системасы менен өлкөлөрдү колония жана эксплуатация зоналары о.э. жалаң өз пайдасы үчүн борборго кошуп алынган булактар кылып албайт, балким, алардын аралыгы канчалык узак болсо да, калкы ар түрдүү улут болсо да, өлкөлөрдүн бардыгын жалпы бир өлкө кылат жана алардын ар бирине мамлекеттин бир бөлүгү деп карайт. Калкын болсо, борбор калкы болобу же башкабы, башка бир өлкө калкы ээ болгон бардык укуктарга ээ деп билет. Бардык өлкөлөр үчүн башкаруу бийлиги, системасы жана мыйзамы бирдей болот.

## Исламдагы башкаруу формасы – федерация эмес.

Исламдагы башкаруу системасы өлкөлөрү кайсы бир деңгээлде өз алдынчалыгын сактап, ал эми, жалпы өкүмдө бир болуп турган федеративдик система эмес. Балким, ал бир бүтүн система. Ислам мамлекетинин борбору Каирде болсо, Файюм регионуна кандай каралса чыгыштагы Хурасон жана Батыштагы Мароккого да ошондой каралат.

Мамлекет бюджети кайсы вилаят болушуна карабастан, бардык жарандар ортосунда тең бөлүштүрүлүшү керек деп карайт. Эгер кайсы бир вилаят калкынан жыйылган салыктын өлчөмү анын муктаждыктарынан эки эсе ашык өлчөмдө болсо, ага муктаждыгына жараша сарп кылынат, жыйылган өлчөмгө каралбайт. Эгер жыйылган салык муктаждыктарды каптабай турган даражада аз болсо, буга каралбайт, балким, ушул вилаятка жалпы бюджеттен муктаждыгына жараша сарп кылынат, жыйылган өлчөм муктаждыктарга жетиш-жетпешине каралбайт.

Демек, Исламдын башкаруу системасы федеративдик система эмес, балким, ал бир бүтүн система. Ал башка системаларга айрым бир тышкы көрүнүштөрүндө окшош көрүнгөнү менен, бирок, келип чыгышында жана түп негиздеринде алардан кескин айырмаланат. Мындан тышкары, Исламдагы башкаруу системасы борборлошкон болуп, бийликти жалпы борборго чектеп коёт жана мамлекеттин чоң же кичине ар бир бөлүгүнө өкүмдарлык кылууну мына ушул борборго берет. Мамлекеттин бөлүктөрү таркап кетпеши үчүн алардын эч биринин өзүнчө эгемендүү болушуна жол койбойт. Ал аскер башчыларын, волийлерди, акимдерди, каржы жана экономика боюнча жооптуу адамдарды дайындайт, ар бир өлкөгө казыларды дайындайт, өкмөт иштеринде тура турган адамдарды да ал дайындайт. Бүткүл мамлекетте өкмөттү түздөн-түз башкарат.

Тыянак кылып айтканда, Исламдагы башкаруу системасында Халифалыктын бир бүтүндүгүнө жана бир гана халифага байъат кылуу мүмкүн экендигине келишилген. Буга имамдар, мужтахиддер жана башка фикх аалымдары келишишкен. Эгер бир халифа болуп туруп, экинчи халифага байъат кылынса, экинчисине каршы согуш кылынат, эгер ал биринчи халифага байъат кылса, уруш токтойт, эгер андай кылбаса, ал өлтүрүлөт. Себеби, биринчи байъат кылынган халифанын байъаты шарият боюнча туура байъат деп эсептелет.

## Конституция долбоору

## Жалпы өкүмдөр

**1-берене:** Ислам акыйдасы – мамлекеттин негизи. Тактап айтканда, анын курамы, жихаз-аппараты, эсеп-китеп кылып тергелиши же ага тиешелүү бардык иштерде кайсы бир нерсенин жүзөгө келиши үчүн бир гана Ислам акыйдасы негиз кылынат. Ошол эле учурда, Ислам акыйдасы конституция жана шаръий өкүмдөрдүн да негизи болот т.а. бул экөөсүнүн ар бирине тиешелүү болгон ар кандай нерсенин пайда болушуна Ислам акыйдасынан келип чыкса гана уруксат берилет.

**2-берене:** Ислам өкүмдөрү турмушта колдонула турган жана коопсуздугу мусулмандар колунда болгон өлкө «Ислам дияры» (дорул Ислам) деп, куфр түзүмдөрү турмушта колдонула турган жана коопсуздугу мусулмандардын колунда болбогон өлкө «куфр дияры» (дорул куфр) деп эсептелет.

**3-берене:** Халифа белгилүү бир шаръий өкүмдөрдү табанний кылып (тандап алып), аларды конституция жана мыйзамдар катары жолго коёт. Эгер халифа кандайдыр бир шаръий өкүмдү күчүнө киргизсе, ошол шаръий өкүм гана аткарылышы важып-милдет болгон шаръий өкүмгө айланат. Ушул учурда бул өкүм ар бир жаран үчүн ачык да, жашыруун да баш ийиши важып болгон иш жүзүндөгү мыйзам болуп калат.

**4-берене:** Халифа зекет жана жихаддан башка ибадаттарда бирер белгилүү бир шаръий өкүмдү табанний кылбайт. Ислам акыйдасына тиешелүү пикирлерде да өз алдынча эч нерсени күчүнө киргизе албайт.

**5-берене:** Исламий жарандыкка ээ болгон (т.а. Исламий мамлекеттин букарасы болгон) бардык адамдар шаръий укук жана милдеттерден пайдалана алышат.

**6-берене:** Мамлекет жарандар арасында акимият (бийлик), казылык (сот), иш башкаруу ж.б.у.с. тармактарда айырмачылыкка жол койбоого тийиш. Балким, расасы, теги, дини жана улутуна карабастан, баарына бирдей назар менен карашы важып.

**7-берене:** Мамлекет Исламий жарандыкка ээ болгон бардык адамдарга Ислам шариятын төмөндөгүдөй түрдө ишке ашырат:

а) Мусулмандарга карата бардык Ислам өкүмдөрүн эч бир калтырбастан ишке ашырат.

б) Кайрымусулмандарга өз этикат-ишенимдерине жана ибадаттарына амал кылууга уруксат берет.

в) Исламдан кайткан муртаддарга – алардын өздөрү муртад болушса – муртад өкүмү колдонулат. Эгер муртаддардын балдары болуп, кайрымусулман абалда туулган болсо – мушрик же ахли китеп экендиктерине карап – аларга кайрымусулмандарча мамиле кылынат. (Ахли китептер: иудейлер жана христиандар)

г) Кайрымусулмандарга азык-оокат жана кийим-кечелерге тийиштүү болгон иштерде – шарият өкүмдөрү уруксат берген алкакта – өз диндерине ылайык мамиле кылынат.

д) Турмуш куруу жана ажырашуу иштери кайрымусулмандар ортосунда алардын өз диндери боюнча ажырым кылынат. Алар менен мусулмандар ортосундагы мамилелерге болсо Ислам өкүмдөрү боюнча өкүм кылынат.

е) Мамлекет булардан башка шаръий өкүмдөрдү жана укубат (жаза-чаралар), баййинат (кылмышты далилдөө), башкаруу, экономика түзүмдөрүнө жана башкаларга тийиштүү болгон Ислам шариятынын бардык иштерин бардыгына карата бирдей колдонот. О.э. жогорудагы өкүмдөрдү жарандардын ар бирине карата колдонгондой эле, муохиддер, мустаъминдер жана Ислам акимиятына моюн сунуучулардын ар бирине карата да колдонот. Болгону, дипломатиялык кол тийгистикке ээ болгон өкүлчүлүк кызматкерлери, консулдар, элчилер жана башка ушул сыяктууларга гана колдонулбайт.

**8-берене:** Араб тили – бул Ислам тили. Мамлекеттик тил араб тили болот.

**9-берене:** Ижтихад – парзы кифая. Ижтихаддын бардык шарттарын аткара ала турган ар бир мусулман ижтихад кылуу укугуна ээ болот.

**10-берене:** Бардык мусулмандар Ислам жоопкерчилигин өз моюндарына алышат. Исламда өзүнчө бөлүп көрсөтүлчү «дин кишилери» жок. Мамлекет мусулмандар арасында «дин кишилери»нин пайда болушун шарттай турган ар кандай абалдарга тыюу салууга милдеттүү.

**11-берене:** Ислам даъватын жаюу мамлекеттин негизги милдети эсептелет.

**12-берене:** Куран, Сүннөт, Ижма жана Кыяс – мына ушулар гана шаръий өкүмдөр үчүн эң маанилүү далил эсептелет.

**13-берене:** Негизи, ар бир адам бейкүнөө. Эч ким сот мекемесинин өкүмүсүз жазаланбайт. Эч бир адамды кыйноого салуу мүмкүн эмес. Бул ишти кылган ар кандай адам жазаланат.

**14-берене:** Иштердеги негиз – шаръий өкүмгө таянуу. Ошондуктан, өкүмдү билбей туруп эч бир иш ишке ашырылбайт (Т.а. иштин арам же адал экендигин билбей туруп, аны кылуу мүмкүн эмес). Нерселердеги негиз болсо, эгер арам кылынгандыгына далил келбеген болсо, мубах болот. (Мубах – бир ишти кылуу же кылбоодо адамга ыктыяр берилген иштер)

**15-берене:** Арам ишке алып баруучу жол – эгер арам ишке алып барары анык болсо – арам болот. Эгер арамга алып барышы күмөндүү болсо, арам эмес.

## Башкаруу түзүмү.

**16-берене:** Башкаруу түзүмү – бир бүтүн түзүм, федерация түзүмү эмес.

**17-берене:** Башкаруу борборлоштурулат, ал эми, аткаруу иштери борборлоштурулбайт.

**18-берене:** Акимдер (өкүм жүргүзүүчүлөр) төртөө: халифа, тафвиз муавыны, волий жана омил. Булардан башкалар аким эмес, балким, жооптуу адамдар болуп эсептелет.

**19-берене:** Акимиятка же өкүмгө тийиштүү ар кандай ишке азат-эркин (кул эмес), адилет эркек киши гана башчы боло алат. Мындан тышкары, анын мусулман болушу да шарт.

**20-берене:** Акимдерди эсеп-китеп кылып, тергеп туруу мусулмандардын укугу жана алар үчүн парзы кифая. Жарандар арасындагы кайрымусулмандар болсо акимдердин зордук-зомбулугуна жана аларга карата Ислам өкүмдөрүн жаман колдонуп жатканына наарazыланып даттануу укугуна ээ.

**21-берене:** Мусулмандар акимдерди эсеп-китеп кылып тергеп туруу үчүн, же Үммөт аркылуу бийликти колго алуу үчүн саясий хизбдер (партиялар) түзүү укугуна ээ. Мунун шарты: ушул хизбдердин негизи Ислам акыйдасы болушу; табанний кылган өкүмдөрү шаръий өкүмдөрдөн болушу шарт. Хизб түзүүгө эч кандай уруксаттын кажети жок. Исламдан башка негизге курулган ар кандай тайпага тыюу салынат.

**22-берене:** Башкаруу түзүмү төрт эреже негизине курулат:

1) Кожоюндук шарияттыкы, элдики эмес.
2) Өкүм жүргүзүү Үммөттүн укугу.
3) Бир халифаны шайлоо мусулмандардын үстүндөгү парз.
4) Шарият өкүмдөрүн табанний кылуу бир гана халифанын укугу эсептелет. Ал гана конституция жана башка мыйзамдарды жолго коёт.

**23-берене:** Мамлекеттик бийлик сегиз түркүк үстүнө курулат:

1) Халифа
2) Тафвиз муавыны
3) Танфиз муавыны
4) Жихад амири
5) Казылар
6) Волийлер
7) Идарий жихаз
8) Үммөт межлиси

## Халифа

**24-берене:** Халифа акимиятта жана шариятты ишке ашырууда Үммөттөн өкүл болот.

**25-берене:** Халифалык өз ара ыраазы болуу жана ыктыяр кылуу келишими болуп саналат. Эч ким аны кабыл алууга жана халифалыкка шайлана турган адамга ыраазы болууга мажбур кылынбайт.

**26-берене:** Эркек же аял болушуна карабастан, балакат жашына жеткен, акылга толгон ар бир мусулман адам халифаны шайлоо жана ага байъат берүү укугуна ээ. Кайрымусулмандар мындай укукка ээ эмес.

**27-берене:** Инъикод байъатын ишке ашыруучу адамдардын байъаты аркылуу кайсы бир адам үчүн халифалык ахды берилсе, анда калгандардын байъаты инъикод байъаты эмес, балким, итаат (моюн сунуу) байъаты болот. Ушуга ылайык, моюн сунбастык белгилери көрүнгөн адамдардын бардыгы байъат берүүгө мажбур кылынат.

**28-берене:** Мусулмандар тарабынан шайланган киши гана халифа болот. Исламдагы ар кандай келишим сыяктуу, халифалык келишими да шаръий жол менен ишке ашпаса, эч ким халифанын укуктарына ээ болбойт.

**29-берене:** Халифага инъикод байъаты бериле турган аймак же мамлекеттеги өкмөт жалаң мусулмандардын өзүнө гана таяна турган, капыр мамлекетке сүйөнбөй турган эгемендүү өкмөт болушу шарт. О.э. бул мамлекеттин ички жана тышкы коопсуздугу капырлар колунда эмес, балким, мусулмандар колунда болушу керек. Башка өлкөлөрдөн талап кылына турган моюн сунуу байъатында бул нерсе шарт эмес.

**30-берене:** Халифалык байъаты берилип жаткан адам, артыкчылык шарттарына ээ болбосо да, ал өзүндө инъикод шарттарын толук камтыган болушу керек. Себеби байъатта инъикод шарттары эсепке алынат.

**31-берене:** Халифага мамлекет башчысынын ахды берилиши үчүн анда алты сыпат болушу керек: т.а. ал эркек, мусулман, азат,

балакатка жеткен, акылга толгон, адилеттүү жана өкүм жүргүзүүгө кудуреттүү болушу шарт.

**32-берене:** Халифалык мансабы мамлекет башчысынын өлүмү, же мансаптан баш тарткандыгы, же мансаптан четтетилгендиги себептүү бошоп калса, анын ордуна үч күн ичинде халифа шайлоо важып болот.

**33-берене:** Халифа шайлоонун жолу төмөндөгүдөй:

а) Үммөт межлисинин мусулман мүчөлөрү бул мансапка талапкерлерди көрсөтүшөт. Талапкерлердин аттары жарыя кылынат. Кийин мусулмандардан алардын бирин шайлоо талап кылынат.

б) Шайлоо натыйжасы жарыя кылынат жана мусулмандарга шайлоочулардын эң көп добушун алган талапкер тааныштырылат.

в) Мусулмандар эң көп добуш алган талапкерге халифа катары Алланын Китебине жана Расулулла ﷺдын сүннөттөрүнө амал кылуу шарты менен байъат беришет.

г) Байъат бүткөндөн кийин элге халифа жарыя кылынат, анткени, анын шайлангандыгы жөнүндөгү кабар бүткүл Үммөткө жетип барышы керек. Жарыя кылынып жаткан убакта анын аты-жөнү жана анын мамлекет башчылыгына ылайык сыпаттарга ээ экендиги да айтылат.

**34-берене:** Халифаны Үммөт шайлайт. Бирок Үммөт шаръий жол менен инъикод байъаты берилген халифаны мансабынан четтете албайт.

**35-берене:** Халифа төмөндөгү укуктарга ээ:

а) Ал шаръий өкүмдөрдү табанний кылган чакта, аларды мыйзамдык күчкө киргизет. Бул учурда ушул шаръий өкүмдөр баш ийүү важып болгон жана каршы чыгуу мүмкүн болбогон мыйзамдарга айланат.

б) Ал мамлекеттин ички жана тышкы саясатына жоопкер. Ал кошуун башчылыгын өз колуна алат. Согуш жарыялоо, тынчтык келишимин түзүү, убактылуу тынчтык келишимин ж.б. келишимдерди түзүү да анын ыктыярында болот.

в) Ал чет элдик элчилерди кабыл алуу жана кабыл албоо о.э. мусулман элчилерди дайындоо жана иштен бошотуу укугуна ээ.

г) Ал муавын жана волийлерди дайындайт жана иштен бошотот. Алардын бардыгы халифа алдында жоопкер болгону сыяктуу, Үммөт межлисинин алдында да жоопкер болушат.

д) Ал башкы казыны, идара мүдүрлөрүн, аскер башчыларын жана туу алып жүрүүчү амирлерди дайындайт жана иштен бошотот. Алардын бардыгы халифа алдында жоопкер. Бирок, Үммөт межлиси алдында жоопкер эмес.

е) Ал мамлекет бюджетин белгилей турган шаръий өкүмдөрдү табанний кылат. Ал бюджет бөлүмдөрүн о.э. киреше жана чыгашага

байланыштуу болушуна карабастан, ар бир тармактар үчүн керектүү болгон каражаттарды белгилейт.

**36-берене:** Халифа табанний кылуу укугунда шаръий өкүмдөр алкагына чектелген. Чыныгы истинбат жолу менен шаръий далилдерден иштелип чыгылбаган өкүмдөрдү табанний кылуу – халифага арам. Ал өзү табанний кылган өкүмдөр жана өзү үчүн белгилеп алган истинбат жолу менен чектелген. Ал туткан жолуна карама-каршы түрдө берилген өкүмдү табанний кылышы жана өзү тандаган өкүмдөргө карама-каршы болгон буйрукту бериши мүмкүн эмес.

**37-берене:** Халифа өз ижтиханы жана райына ылайык раият (калк) иштерин башкарууда мутлак (бүтүндөй толук) укукка ээ. Ал мамлекет иштерин жүргүзүү жана раият иштерин башкаруу үчүн лаазым болгон бардык мубах иштерди табанний кылуу укугуна ээ. Ал кызыкчылыкка таянып, эч бир шаръий өкүмгө карама-каршы иш тутушу мүмкүн эмес. Ошондуктан, ал азык-түлүктүн аздыгына таянып, бирден ашык перзент көрүүгө тыюу салбайт, эксплуатациянын алдын алуу деген нерсени бетке кармап, адамдарга бааны белгилеп бербейт, иштерди башкарууну же кызыкчылыкты шылтоолоп, капырды же аял кишини волийликке дайындабайт жана ушул сыяктуу шарият өкүмдөрүнө тескери болгон иштерди кылышы мүмкүн эмес. Ал адалды арам, арамды адал деши мүмкүн эмес.

**38-берене:** Халифа үчүн чектелген мөөнөт жок. Ал шариятты сактап, анын өкүмдөрүн турмушка ашырса эле, мамлекет иштерин аткарууга кудурети жетсе эле, анын абалы халифалыктан четтете турган даражада өзгөрбөсө, өз ордунда кала берет. Эгер анын абалы мына ушунчалык даражада өзгөрсө, анда аны ошол замат иштен четтетүү важып болот.

**39-берене:** Халифанын абалы өзгөрүшүнө себеп боло турган жана муну менен ал халифалыктан алына турган иштер үчөө:

а) Халифалыктын инъикод шарттарынын бири бузулса т.а. ал муртад болсо, же ачыктан-ачык эле фасыктык кылса, же акылдан азса ж.б.у.с. Себеби, бул шарттар халифалыктын инъикод жана туруктуу шарттары эсептелет.

б) Кандайдыр бир себеп менен халифалык милдетин өтөөгө алсыздык кылып калса.

в) Өз райы менен шарият негизинде мусулмандар кызыкчылыктары үчүн иш жүргүзүүгө алсыз кылып коё турган зордукчул абал жүзөгө келсе. Эгер кайсы бир адам аны өз райы менен шарият өкүмдөрүнө ылайык раияттын кызыкчылыктарын башкарууга алсыз кылып коё

турган даражада ага басым жасаса, ал мамлекет иштерин аткарууга алсыз деп саналат жана ушул себеп менен ал халифалыктан четтетилет. Бул иш эки абалда жүз бериши мүмкүн:

Биринчи абал: Анын тегерегиндеги адамдардын бири же бир нечеси анын үстүнөн өкүмдар болуп, иштерди аткарууну өз колдоруна алышат. Эгер алардын өкүмдарлыгынан кутулушу үмүт кылынса, белгилүү бир мөөнөткө убакыт берилет, ошондон кийин да алардын өкүмдарлыгынан кутула албаса, халифалыктан четтетилет. Эгер кутулушуна үмүт болбосо, дароо эле четтетилет.

Экинчи абал: Үстөм келген душман колуна чындап туткунга түшсө, же душмандын өкүмдарлыгы астында калса, каралат: а) эгер халифанын кутулушу үмүт кылынса, үмүт үзүлгөнгө чейин убакыт берилет. Эгер кутулушуна үмүт калбаса, бошотулат; б) эгер кутулушуна үмүт болбосо, дароо четтетилет.

**40-берене:** Халифанын абалы аны халифалыктан четтете турган даражада өзгөргөн же өзгөрбөгөндүгүн бир гана Махкаматул мазолим белгилейт. Махкаматул мазолим гана халифаны четтетүү же эскертүү укугуна ээ.

## Тафвиз муавыны

**41-берене:** Халифа өзү үчүн өкүм жүргүзүү жоопкерчилигин мойнуна ала турган тафвиз муавынын дайындайт жана иштерге өз райы менен чара көрүүнү жана өз ижтихадына ылайык жүргүзүүнү ага тапшырат.

**42-берене:** Халифага коюлган шарттар тафвиз муавынына да коюлат т.а. ал эркек, мусулман, азат, балакатка жеткен, акылга толгон, адилеттүү болуп, өзүнө тапшырылган иштерге жөндөмдүү болушу шарт.

**43-берене:** Тафвиз муавынын дайындоо эки шартты өз ичине алат:

1) Жалпы назар (ар кандай ишти карап чыгуу).
2) Орун басарлык.

Ошондуктан, халифа тафвиз муавынына «Мага тапшырылган иштерге сени өзүм тарабымдан орун басар катары дайындадым» деши, же болбосо, жалпы назарды же орун басарлык маанисин өз ичине ала турган сөздөрдү айтышы керек. Дайындоо ушундай жол менен ишке ашырылбаса, ал муавын эсептелбейт. Дайындоо ушул жол менен гана ишке ашса, ал тафвиз муавынынын укуктарына ээ болот.

**44-берене:** Тафвиз муавыны өзү аткарган иш-чаралар о.э. ишке ашырган башкаруу жана дайындоо иштеринен халифаны кабардар кылууга милдеттүү, ушуну менен ал өз укуктарында халифага теңелип

калбашы керек т.а. анын иши халифаны кабардар кылуу жана буйрулган ишти аткаруу.

**45-берене:** Халифа тафвиз муавынынын ишин жана иш-чараларын – алардын туураларына уруксат берип, каталарынын алдын алуу максатында – текшерип турушу важып. Себеби, Үммөт иштерине чара көрүү халифага тапшырылган жана түздөн-түз анын ижтихадына жүктөлгөн.

**46-берене:** Эгер тафвиз муавыны кандайдыр бир ишке чара көрсө жана аны халифа тастыктаса, муавын ал ишти халифа тастыктагандай – ашырбай же кемитпей – аткарышы керек. Эгер халифа тастыктоодон баш тартса жана муавын кылган ишти кайтарып, нааразылык билдирсе, каралат, эгер муавын өкүмдү туура аткарган жана малы-дүйнөнү өз ордуна сарптаган болсо, муавындын райы үстөм болот. Себеби, бул негизи халифанын райы болуп, халифа аткарылган бул өкүмдү жана сарпталган бул малды кайтара албайт. Эгер муавын аткарган иш башкача болсо, мисалы, волийди дайындоо же кошуунду согушка даярдоо сыяктуу иштер болсо, халифа муавынга каршылык билдириши мүмкүн. Мындай абалда халифанын райына каралат жана муавындын иши бекер кылынат. Себеби, халифа мындай иштерди – өзү кылса да, муавын кылса да – оңдоо укугуна ээ.

**47-берене:** Тафвиз муавыны кайсы бир идарага же кайсы бир тармакка чектеп коюлбайт, себеби, анын дайындалышы жалпы болот. О.э. ал башкаруу иштери менен түздөн-түз алектенбейт жана башкаруу аппараты үстүнөн жалпы көзөмөл алып барат.

## Танфиз муавыны

**48-берене:** Халифа өзү үчүн аткаруучу муавынды дайындайт. Анын милдети идара иштеринен болуп, өкүм жүргүзүүгө тиешеси жок. Анын башкармалыгы халифанын ички жана тышкы тараптарына тиешелүү токтомдорду аткаруудан жана ушул тараптан келген маалыматтарды ага жеткизүүдөн турат. Демек, бул башкармалык халифа менен башкалардын ортосундагы ортомчулук эсептелет.

**49-берене:** Танфиз муавынынын мусулман болушу шарт. Себеби, ал халифанын жардамчыларынан.

**50-берене:** Танфиз муавыны тафвиз муавыны сыяктуу халифага түздөн-түз байланышкан болот жана өкүм жүргүзүү иштеринде эмес, балким, аткарууда муавын эсептелет.

## Жихад амири

**51-берене:** Жихад амиринин мекемеси төмөндөгү төрт башкармалыктан түзүлөт: тышкы иштер, аскер, ички коопсуздук жана

өнөржай. Бул башкармалыктарды жихад амири башкарат жана көзөмөлдөйт.

**52-берене:** Тышкы иштер башкармалыгы Халифалык мамлекетинин чет мамлекеттер менен болгон мамилелерине тиешелүү ар кандай тышкы иштерге башчылык кылат.

**53-берене:** Аскерий башкармалык кошуун, шурта, курал-жарак, зарыл колдонмолор, техникалар жана башкалардан турган куралдуу күчтөргө тиешелүү иштерге башчылык кылат. О.э. аскердик таалимге, аскердик сапарларга жана кошуунга керектүү болгон Исламий билим менен жалпы билимдерге тиешелүү иштерге о.э. согуш жана согушка даярданууга тиешелүү иштерге башчылык кылат.

**54-берене:** Ички коопсуздук башкармалыгы коопсуздукка тиешелүү бардык иштерге башчылык кылат. О.э. куралдуу күчтөр жардамында мамлекет коопсуздугун камсыздайт жана бул иште шуртаны негизги курал кылып алат.

**55-берене:** Өнөржай башкармалыгы өнөржайга тиешелүү бардык иштерге башчылык кылат. Бул орунда өнөржай оор өнөржай же жеңил өнөржай болобу, мунун айырмасы жок. О.э. аскердик өнөржайга тиешелүү ишканалардын бардыгы, жеке менчик мүлк же жалпы элдик мүлк болушуна карабастан, аскердик саясат негизине курулушу керек.

## Кошуун

**56-берене:** Жихад – мусулмандарга парз. Аскердик таалим милдеттүү түрдө болуп, 15 жашка жеткен ар бир мусулман эркек жихадга даярданышы үчүн аскердик таалим алышы парз. Бирок, аскердик кызмат парзы кифая.

**57-берене:** Кошуун эки бөлүктөн турат: 1) Этияттык бөлүк. Бул бөлүк курал көтөрүүгө кудуреттүү болгон бардык мусулмандардан турат. 2) Аскердик кызматтагы туруктуу бөлүк. Алар үчүн кызматчылар сыяктуу мамлекет бюджетинен маяна дайындалат.

**58-берене:** Куралдуу күчтөр бир бүтүн жалгыз күч болуп, ал – кошуун. Андан атайын бөлүк тандалып алынып, өзгөчө ыкмада тартиптештирилет жана ага атайын билим берилет. Бул бөлүк – шурта.

**59-берене:** Түзүмдү коргоо, ички коопсуздукту камсыздоо жана аткарылчу жактардын бардыгын аткаруу шуртага тапшырылат.

**60-берене:** Кошуун үчүн амирлер туусу (лива) жана кошуун туулары (роя) дайындалат. Халифа кошуун башчы кылып дайындаган адамга өзү амир туусун тапшырат. Кошуун тууларын болсо, туунун ээлери болгон амирлер тапшырышат.

**61-берене:** Халифа – кошуундун башкы кол башчысы. Ал штаб башчысын, ар бир туу (лива) үчүн амирди жана ар бир бөлүк үчүн

башчы дайындайт. Бирок, армиядагы башка кызмат даражаларын кошуун башчылары жана туунун ээси болгон амирлер дайындашат. Штабдарга кайсы бир адамды дайындоо анын аскердик билиминин даражасына карай болот жана аны штаб башчысы дайындайт.

**62-берене:** Кошуундун бардыгы бир бүтүн болуп, атайын гарнизондорго коюлат. Бул гарнизондордун айрымдары ар түрдүү вилаяттарга, айрымдары стратегиялык чекиттерге жайгаштырылат. Кээ бир гарнизондор болсо, ар дайым көчүп жүрө турган, тез аракет кылуучу топтордон туруп, сокку берүүчү күчтөр эсептелет. Бул гарнизондор бир нече бирикмелер тутумунда тартиптештирилет. Ар бир бирикме кошуун аты менен аталып, иреттелет. Мисалы, биринчи кошуун, үчүнчү кошуун, же болбосо, вилаят же амола деген ат менен аталат.

**63-берене:** Кошуунда жогорку аскердик таалим толук берилиши, кошуундун пикирий деңгээли мүмкүн болушунча жогорулатылышы о.э. кошуундагы ар бир адам – жалпы түстө болсо да, анда Исламий аң-сезим пайда болушу мүмкүнчүлүгүн бере турган – Ислам билими менен байытылып барышы шарт.

**64-берене:** Ар бир гарнизондо жетиштүү өлчөмдө жогорку аскердик билимге, аскердик тактикага жана согуш алып барууда тажрыйбага ээ штабдардын болушу жана бул штабдар кошуунда жалпы түстө мүмкүн болушунча толук калыптандырылышы важып.

**65-берене:** Кошуун Исламий кошуун катары өз милдетин аткарууга мүмкүнчүлүк бере турган даражада курал-жарак, ок-дары, техника, зарыл жабдууларга ээ болушу шарт.

## Казылык

**66-берене:** Казылык – бул мажбурлуу түрдө шаръий өкүмдү билдирүү дегени. Казылык адамдар ортосундагы чыр-чатактарды ажырым кылат, көпчүлүк жамааттын акысына зыян келтире турган нерселерге тыюу салат жана адамдар менен өкмөт аппаратындагы ар кандай адамдардын – аким же кызматчы, халифа же башкалар – ортосундагы чыр-чатактарга чек коёт.

**67-берене:** Халифа балакатка жеткен, азат, мусулман, акылга толгон, адилет, фикх аалымдарынан болгон эркек кишилерден башкы казыны дайындайт. Ага идара түзүмү алкагында казыларды дайындоо, жазалоо жана иштен бошотуу укуктары берилет. Мекеменин башка кызматчылары болсо, мекеме иштерин башкара турган идара мүдүрлөрү тарабынан дайындалат.

**68-берене:** Казылар үч түрдүү болот:

1) Казы. Ал проблемалар жана укубат (жаза-чаралар) жаатында адамдар ортосунда жүзөгө келе турган чыр-чатактарды ажырым кылат.

2) Мухтасиб. Ал жамаат акысына зыян келтире турган мыйзам бузууларды ажырым кылат.

3) Мазолим казысы. Ал адамдар менен мамлекет ортосунда жүзөгө келе турган чыр-чатактарды жоёт.

**69-берене:** Казылыкка дайындалып жаткан адам мусулман, азат, балакатка жеткен, акылга толгон, адилет, факих, өкүмдөрдү турмуш чындыгына байланыштыра ала турган болушу шарт. Мазолим казылыгына дайындалып жаткан адам бул шарттарга кошумча эркек киши жана мужтахид болушу да шарт.

**70-берене:** Казы жана мухтасиб мамлекеттин бардык жайларына жана казылыктын бардык түрлөрүнө жалпы түрдө дайындалышы мүмкүн болгону сыяктуу, белгилүү бир жайга жана казылыктын белгилүү бир түрлөрүнө чектелип дайындалышы да мүмкүн. Ал эми, мазолим казысы казылык иштеринде жалаң гана жалпы түрдө дайындалат. Дайындалуу жайы болсо, мамлекеттин бардык жайлары же атайын белгилүү бир жайы болушу мүмкүн.

**71-берене:** Сот мекемеси казылык иштеринде ажырым кылуу укугуна ээ болгон бир эле казыдан түзүлөт. Аны менен бирге башка бир же бир нече казылар болушу да мүмкүн. Бирок, аларда өкүм чыгаруу укугу болбойт, балким, алар кеңеш берүү жана пикир билдирүү укугуна ээ болушат. Алардын райы казы үчүн милдеттүү эмес.

**72-берене:** Казы бир гана казылык межлисинде өкүм чыгарышы мүмкүн. Документ жана ант ичүүлөр казылык межлисинде гана эсепке алынат.

**73-берене:** Карала турган иштердин түрүнө карап, сот мекемелеринин даражалары ар түрдүү болушу мүмкүн. Кээ бир казылар маалым бир чек арада белгиленген иштерди көрүүгө чектеп дайындалышы жана бул иштерден башкалары башка мекемелерге тапшырылышы мүмкүн.

**74-берене:** Апелляция жана кассация мекемелери болбойт. Кайсы бир иштин үстүнөн чыгарылган өкүм чечкиндүүлүк тарабынан бирдей болот. Эгер казы өкүмдү айтса, анын бул өкүмү өтүмдүү. Анын бул өкүмү ишке ашырылат. Бул өкүмдү башка казынын өкүмү таптакыр жокко чыгара албайт.

**75-берене:** Мухтасиб жалпы элдин укуктарынан болуп, доогери болбой турган, жаза-чараларга жана кылмыштарга кирбей турган бардык иштерди көрүп чыга турган казы эсептелет.

**76-берене:** Мухтасиб мыйзам бузууларды билер замат, кайсы жерде болсо да, алардын үстүнөн казылык межлисисиз өкүм чыгаруу укугуна ээ. Анын буйруктарын аткаруу үчүн анын кол астына бир нече шурта кызматчылары берилет. Ал чыгарган өкүм ошол замат аткарылат.

**77-берене:** Мухтасиб мухтасибдик шарттары толук болгон адамдардан өзүнө орун басарлар тандап алуу укугуна ээ жана аларды ар түрдүү жерлерге таркатат. Бул орун басарларга алар дайындалган чөлкөмгө аларга тапшырылган иштер боюнча мухтасибдик милдетин аткаруу укугу берилет.

**78-берене:** Мазолим казысы – Ислам мамлекетинин жараны болушуна, же башка мамлекеттин жараны болушуна карабастан – кайсы бир адамга карата кылынган ар кандай зулумду жоюу үчүн дайындала турган казы. Зулум халифа тарабынан, же андан башка аким же кызматчылар тарабынан кылынгандыгынын айырмасы жок.

**79-берене:** Мазолим казысы халифа же башкы казы тарабынан дайындалат. Бирок, аны эсеп-китеп кылып тергеп туруу, жазалоо жана иштен бошотуу халифа тарабынан, же халифа укук берген болсо, мазолим мекемеси тарабынан ишке ашырылат. Бирок, мазолим казысы халифа, тафвиз муавыны же башкы казы үстүнөн кандайдыр бир даттанууну карап чыгып жаткан убакта, аны иштен четтетүү туура эмес.

**80-берене:** Мазолим казысы бир же бир нече адамдар менен чектелбейт, балким, мамлекет жетекчиси зулумдарды жоюу үчүн керек болгон өлчөмдө казыларды – алардын саны канча болушуна карабастан – дайындоо укугуна ээ. Бирок, түздөн-түз өкүм чыгарылып жаткан убакта өкүм чыгаруу укугу бир эле казыда болот. Казылык межлисинде аны менен бирге бир нече мазолим казылары катышуулары мүмкүн. Алар кеңеш берүү укугуна гана ээ болуп, алардын райы мазолим казысы үчүн кабыл алынышы мажбурий эмес.

**81-берене:** Мазолим мекемеси халифаны милдетинен четтетүү укугуна ээ болгондой, мамлекеттеги ар кандай аким же кызматчыны иштен алуу укугуна да ээ.

**82-берене:** Мазолим мекемеси ар кандай зулумду көрүп чыгуу укугуна ээ. Бул орунда зулум көрсөтүүлөр мамлекет аппаратындагы адамдарга тиешелүү болушунун, же халифанын шарият өкүмдөрүнө тескери болгон иштерине, же мамлекет жетекчиси табанний кылган конституция, мыйзам жана башка шаръий өкүмдөрдөгү мыйзамтаануучулук документтеринин кайсы биринин маанисине, же

кайсы бир салык салууга, же башка иштерге тиешелүү болушунун айырмасы жок.

**83-берене:** Мазолим казылыгында казылык межлиси, жоопкерди чакыруу жана доогердин болушу шарт кылынбайт. Балким, мекеме эч ким даттанбаса да, зулумду көрүп чыгуу укугуна ээ.

**84-берене:** Ар бир адам касташууда да, коргоодо да каалаган адамын – мусулман же мусулман эмести, эркек же аялды – өзүнөн өкүл кылуу укугуна ээ. Мында өкүл кылуучу менен өкүл кылынуучунун ортосунда айырма жок. Өкүл өкүлдүгүнө акы алышы мүмкүн. Акы эки тараптын ыраазылыгына карай белгиленет.

**85-берене:** Васий (осуят калтыруучу) жана валий (аталыкка алуучу) сыяктуу өзгөчө иштерде, же халифа, аким, кызматчы, мазолим казысы жана мухтасиб сыяктуу жалпы иштерде укукка ээ болгон ар кандай адам касташууда же коргоо жаатында гана – васий же валий, халифа, аким, кызматчы, мазолим казысы же мухтасиб катары – өз ордуна өзүнүн бардык укугуна өкүл дайындоо мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мындай абалда анын доогер же жоопкер болушунун айырмасы жок.

## Волийлер

**86-берене:** Ислам мамлекети өкүм жүргүзүп жаткан өлкө вахдаттарга бөлүнөт жана ар бир вахдат вилаят деп аталат. Өз кезегинде ар бир вилаят да вахдаттарга бөлүнөт жана алар амола деп аталат. Вилаятка жетекчи болгон адам волий же амир, амолага жетекчи болгон адам омил же аким деп аталат.

**87-берене:** Волийлер халифа тарабынан дайындалат. Омилдер халифа тарабынан жана халифа дайындоо укугун берген волий тарабынан дайындалат. Муавындарга коюлган шарттар волий жана омилдерге да коюлат т.а. алар эркек киши, азат, мусулман, балакатка жеткен, акылга толгон, адилеттүү жана тапшырылган иштерге жөндөмдүү болуулары шарт. Алар такыбалуу жана кудуреттүү кишилерден тандап алынат.

**88-берене:** Волий өз вилаятында халифанын орун басары катарында өкүм жүргүзүү жана идаралардын иштерин көзөмөлдөө укугуна ээ. Волий өз вилаятында тафвиз муавыны мамлекетте ээ болгон бардык укуктарга ээ болот. Ал өз вилаятындагы калк үстүнөн өкүм жүргүзөт жана каржы, казылык жана кошуундан тышкаркы вилаятына тиешелүү бардык иштерди көрүп чыгат. Бирок, шурта башкаруу тарабынан эмес, балким, аткаруу тарабынан гана анын кол астында болот.

**89-берене:** Волий амирлиги талап кылган укуктарга негизделип, кылган иштеринен халифаны кабардар кылышы важып эмес, бирок,

ыктыярдуу түрдө кабар берип турушу мүмкүн. Эгер мурда кезикпеген бир окуя пайда болсо, аны халифаны кабардар кылганга чейин кечиктирип турат, соң, анын буйругу менен чара көрөт. Эгер күтүү себептүү бузулушунан корксо, ал ишти ишке ашырат. Соң халифага бул ишти ишке ашыргандыгынын жана аны кабардар кылбагандыгынын себебин билдириши важып.

**90-берене:** Ар бир вилаятта өзүнүн калкынын арасынан шайланган Межлис болуп, ага волий жетекчилик кылат. Бул Межлис өкүм жүргүзүү иштеринде эмес, балким, идарий иштерде рай билдирүү укугуна ээ. Межлистин райы волий үчүн алынышы мажбурий эмес.

**91-берене:** Вилаятка бир адамдын волийлик кылуу мөөнөтү созулуп кетпеши керек. Волийдин вилаятта бекем орношуп алып жаткандыгы же адамдардын ага көңүлдүү болуп калгандыгы сезилсе, мындай абалда ал волийликтен азат кылынат.

**92-берене:** Волий бир вилаяттан башка вилаятка көчүрүлбөйт, себеби, анын волийлиги жалпы назарда жана белгилүү бир орунда болот. Балким, волий иштен бошотулуп, (башка вилаятка) кайрадан дайындалат.

**93-берене:** Эгер халифа волийди иштен четтетүүнү ылайык деп тапса, же Үммөт межлиси кайсы бир себептен улам же эч кандай себепсиз ага нааразы экендигин билдирсе, же вилаятындагы калктын көпчүлүгү ага нааразы экендигин билдирсе, волий иштен четтетилет. Аны иштен четтетүү бир гана халифа тарабынан ишке ашырылат.

**94-берене:** Волийлердин иштерин текшерип туруу, аларды катуу көзөмөлдөө, алардын абалын аныктаганы жана иш-аракетин текшергени өзү тарабынан орун басарлар дайындоо, алардын бардыгын же бир бөлүгүн мезгил-мезгили менен топтоп туруу, раияттын алардын үстүнөн кылып жаткан даттанууларына кулак салуу – халифанын милдети.

## Идарий жихаз

**95-берене:** Мамлекет иштерин аткаруу жана адамдардын кызыкчылыктарын жүзөгө чыгаруу негизине курулган идара, кеңсе жана башкармалыктар мамлекет иштерин жана адамдардын кызыкчылыктарын башкаруу менен алектенет.

**96-берене:** Идара, кеңсе жана башкармалыктарды башкаруу саясаты мыйзамда жөнөкөйлүккө, иштерди ишке ашырууда тездикке жана жетекчилердин жөндөмдүү болушуна негизделет.

**97-берене:** Ислам мамлекетинин жараны болгон жөндөмдүү ар бир адам – эркек же аял, мусулман же кайрымусулман болушуна

карабастан – ар кандай башкармалыкка же идарага мүдүр болуп дайындалышы жана анда кызматчы болуп иштеши мүмкүн.

**98-берене:** Ар бир башкармалык үчүн жалпы мүдүр, ар бир идара жана кеңсе үчүн аны башкара турган мүдүр дайындалып, ал ошол башкармалык, идара же кеңселерге түздөн-түз жоопкер болот. Өз кезегинде бул мүдүрлөр ошол башкармалык, идара же кеңселердин башкы мүдүрү алдында аткарган иштери жүзөсүнөн жоопкер болушат. О.э. волий же омилдин алдында жалпы өкүм жана мыйзамдарга катъий амал кылуу тарабынан жоопкер болушат.

**99-берене:** Бардык башкармалык, идара жана кеңселердин мүдүрлөрү бир гана идарий түзүмдө кабыл алынган себептерге ылайык иштен четтетилишет. Бирок, алар бир иштен башка ишке которулушу же иштен убактылуу бошотулушу мүмкүн. Аларды дайындоо, бир иштен башка ишке өткөрүү, убактылуу иштен четтетүү, жазалоо жана иштен бошотуу ошол башкармалык, идара же кеңселердин башкы мүдүрү тарабынан гана ишке ашырылат.

**100-берене:** Кызматчылар мүдүр эсептелишпейт. Аларды дайындоо, бир иштен башка ишке өткөрүү, убактылуу иштен четтетүү, жазалоо жана иштен бошотуу да башкармалык, идара же кеңселердин башкы мүдүрү тарабынан ишке ашырылат.

## Үммөт межлиси

**101-берене:** Мусулмандардын райын билдире турган, зарыл болгондо халифа кайрыла турган адамдар Үммөт межлисин түзүшөт. Кайрымусулмандар да акимдердин зордук-зомбулугу, же Ислам өкүмдөрүн туура эмес ишке ашырып жаткандыгы тууралуу даттануу үчүн Үммөт межлисинин курамында болушу мүмкүн.

**102-берене:** Үммөт межлисинин мүчөлөрү шайлоо жолу менен шайланат.

**103-берене:** Ислам мамлекетинин жараны болгон ар бир адам – эркек же аял, мусулман же кайрымусулман болушуна карабастан – балакатка жеткен жана акылга толгон болсо, Үммөт межлисине мүчө болуу укугуна ээ болот. Бирок, мусулман эместердин мүчөлүк укугу акимдердин зордук-зомбулугу же Ислам өкүмдөрүнүн туура эмес ишке ашырылып жаткандыгы тууралуу доо кылуу менен чектелет.

**104-берене:** Шоро (кеңеш) – райды алуу дегени. Машварат болсо, иш жүзүндө турмушка ашыруу мажбурий болуп кала турган райды алуу дегени. Мыйзамчылык, атамалар, ар түрдүү жаңы ачылыштар жана илим-техника иштери сыяктуу пикирий иштер машваратка тийиштүү эмес. Булардан башка райлар болсо, машваратка кирет.

**105-берене:** Шоро мусулмандардын гана укугу болуп, мусулман эместер мындай укукка ээ эмес. Ал эми өз райын билдирүү раияттын мусулман же мусулман эмес бардык адамдары үчүн мүмкүн.

**106-берене:** Шоро темасына кире турган жана машварат түрүнөн болгон маселелерде – туура же туура эмес болушуна карабастан – көпчүлүктүн райы алынат. Шоро темасына кире турган башка маселелерде – көпчүлүк же азчылыгына карабастан – туура рай алынат.

**107-берене:** Үммөт межлиси төмөндөгү төрт укукка ээ:

Биринчиси:

а) Машварат сөзү билдире турган мааниге тиешелүү ички иштердин бардыгында Үммөт межлисинин райы алынышы важып. Бул иштер бийлик, таалим, саламаттыкты сактоо, экономика жана башка тармактар болуп, буларда Үммөт межлисинин райын алуу мажбурий. Машварат сөзү билдире турган мааниге тиешелүү болбогон башка иштерде Үммөт межлисинин райын алуу шарт эмес. Ушуга ылайык, тышкы саясат, каржы, аскердик тармактарда межлистин райын алуу мажбурий эмес.

б) Үммөт межлиси мамлекетте иш жүзүндө болуп жаткан – ички жана тышкы иштер, каржы жана аскердик тармактардагы – бардык иштерди эсеп-китеп кылып тергеп туруу укугуна ээ. Анын райы эгер шариятка тескери болбосо, аны алуу мажбурий болот. Эгер Үммөт межлиси менен акимдер шаръий жактан кандайдыр бир маселеде келише албай калышса, бул иш жаатында Мазолим мекемесинин райына кайрылынат.

Экинчиси: Үммөт межлиси волийлер же муавындардын үстүнөн нааразылык билдирүүгө акылуу. Бул иште анын райын алуу мажбурий болот. Халифа ошол үстүнөн нааразылык билдирилгендерди дароо иштен четтетиши важып.

Үчүнчүсү: Халифа конституция жана мыйзамдар үчүн табанний кылмакчы болгон өкүмдөрдү Үммөт межлисине сунуш кылат. Межлистин мусулман мүчөлөрү бул өкүмдөрдү талкуулап, өз пикирлерин билдирүүгө акылуу. Бирок, алардын райын алуу мажбурий болбойт.

Төртүнчүсү: Үммөт межлисинин мусулман мүчөлөрү халифалыкка талапкерлерди белгилөө укугуна ээ болушат. Бул иште алардын райын алуу мажбурий болот. Алар сунуш кылбаган башка талапкерлер кабыл алынбайт.

## Ижтимаий түзүм

**108-берене:** Аял – эне жана үй бийкеси. Аял корголушу важып болгон ар-намыс эсептелет.

**109-берене:** Эркектер жана аялдар (коомдо) бири-биринен ажыралган абалда жашоолору керек. Алар шарият уруксат берген ажылык жана соода сыяктуу бир жерге жыйылууга себеп боло турган муктаждыктар жүзөсүнөн гана бир жерде чогуу болуулары мүмкүн.

**110-берене:** Эркекке берилген укуктар аялга да берилет, эркекке парз кылынган милдеттер аялга да парз. Бирок, Ислам шаръий далилдер аркылуу кээ бир өкүмдөрдү эркекке, кээ бир өкүмдөрдү аялга чектеп койгон. Аял да соода, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк менен алектенүүгө, келишим жана мамилелерди түзүүгө, мүлкчүлүктүн бардык түрлөрүнө ээ болууга, мүлктү өзү же башка адам аркылуу өстүрүүгө жана турмуштагы бардык иштерди түздөн-түз өзү аткарууга акылуу.

**111-берене:** Аял киши мамлекеттик кызмат орундарына дайындалышы, Үммөт межлисинин мүчөлөрүн шайлашы жана анда мүчө болушу о.э. халифаны шайлоодо жана ага байъат берүүдө катышышы мүмкүн.

**112-берене:** Аял өкүм жүргүзүү иштерине башчылык кылышы мүмкүн эмес. О.э. ал халифа, муавын, волий жана омил боло албайт, ушуну менен бирге, «өкүм жүргүзүү иштеринен» деп санала турган кандайдыр бир ишти аткарышы да мүмкүн эмес.

**113-берене:** Аял жалпы жана жекече турмушта жашайт. Жалпы турмушта анын жүзү жана колунун алакан муунунан башка мүчөлөрү көрүнбөгөн абалда, жасанбаган, ачык-чачык болбогон абалда аялдар, махрам эркектер жана жат эркектер менен бирге жашашы мүмкүн. Жекече турмушта болсо, жалаң гана аялдар же махрамдары менен жашашы мүмкүн, эркектер менен жашашы мүмкүн эмес. Бул эки турмушта шарияттын бардык өкүмдөрүнө толук түрдө амал кылат.

**114-берене:** Аялдын намахрам эркек менен жалгыз калышына, жат эркектер алдында жасанышына, авраттарын (абийир жайларын) ачып жүрүшүнө тыюу салынат.

**115-берене:** Эркектин да, аялдын да адеп-ахлак үчүн коркунучтуу болгон же коомдо бузукулукту тарката турган ар кандай ишке барышына тыюу салынат.

**116-берене:** Эрди-катындык турмуш – бейгамдык турмуш. Эрди-катындын турмушу – таттуулук турмушу. Эри аялынын үстүнөн өкүмдар болуп эмес, камкор болуп башчылык кылат. Аялы эрине баш ийиши, эри болсо аялына – адатта, ушундай аялга кандай нафака кылышы (карап-багышы) керек болсо – ошондой нафака бериши парз.

**117-берене:** Эркек жана аял үй иштерин аткарууда бири-бирине толук жардам беришет. Үйдөн тышкарыда боло турган бардык иштерди аткаруу эрдин мойнунда болот. Үй ичиндеги бардык иштерди күчү жетишинче аткаруу аялдын мойнунда болот. Аялдын күчү жетпей жаткан иштерди аткаруу үчүн жардамчы кызматчы жалдап берүү эрдин милдети эсептелет.

**118-берене:** Аял мусулман же кайрымусулман болушуна карабастан, кайсы бир бала анын кепилдигине муктаж болсо, аны өз кепилдигине алуу аялдын милдети жана укугу эсептелет. Бала кепилдикке муктаж болсо, каралат. Эгер кепилдикке алчу эне да, валий да мусулман болсо, балага каалаган кишиси менен жашоо ыктыяры берилет. Бала кимди тандаса – тандаган киши эркек же аял болушуна карабастан – ошого тапшырылат. Бул орунда баланын кыз же уул болушунун айырмасы жок. Эгер алардан бири кайрымусулман болсо, балага тандоо ыктыяры берилбейт, балким, алардын мусулман болгонуна тапшырылат.

## Экономикалык түзүм

**119-берене:** Экономикалык саясат муктаждыктарды кандырууга көңүл бурулган убакта коом кандай болушу керектигине көңүл буруудан турат. Коомдун кандай болушу лаазым экендиги муктаждыктарды кандыруу үчүн негиз кылып алынат.

**120-берене:** Экономикалык проблема калктын ар бир адамына байлык жана пайдаларды бөлүштүрүп берүүдөн о.э. байлык жана пайдаларды колго киргизүүгө жана алар үчүн аракет кылууга мүмкүнчүлүк жаратып берүү аркылуу адамдарга байлык жана пайдалардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жаратып берүүдөн турат.

**121-берене:** Адамдардын ар бири үчүн негизги муктаждыктарын толук кандыруу гарантияланышы о.э. жогорку керектөөлөрүн мүмкүн болушунча эң жогорку даражада кандыруу мүмкүнчүлүгү камсыздалышы важып.

**122-берене:** Мүлк жалгыз Алланыкы. Алла адамды мүлктү башкарууда Өзүнүн халифасы деп жарыя кылды. Мына ушул берилген жалпы ишеним менен адам мүлккө ээлик кылуу укугуна ээ болду. Алла адамга мүлктү колго киргизүүгө уруксат берди. Мына ушул атайын берилген уруксат менен адам иш жүзүндө мүлктүн ээсине айланды.

**123-берене:** Мүлк үч түрдүү болот: Жеке менчик мүлк, жалпы элдик мүлк жана мамлекеттик мүлк.

**124-берене:** Жеке менчик мүлк айн (бар нерсе) же пайда менен белгиленген шаръий өкүм болуп, бул өкүм жеке менчик мүлк ээсине ошол нерседен пайдалануу жана анын ордуна акы алуу мүмкүнчүлүгү жаратылышын талап кылат.

**125-берене:** Жалпы элдик мүлк жамаатка айндан биргеликте пайдаланууга Шореъ тарабынан берилген уруксат.

**126-берене:** Сарп кылынышы халифанын райы жана ижтихадына байланыштуу болгон ар кандай мал-мүлк – салык, жизя, хираж сыяктуу – мамлекеттик мүлк деп аталат.

**127-берене:** Кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөгү жеке менчик мүлкчүлүк төмөндөгү беш шаръий себеп менен чектелген:

а) Эмгек

б) Мурас

в) Жашоо үчүн мал-мүлккө болгон муктаждык

г) Мамлекеттин өз мүлкүнөн калкка бериши

д) Адамдар дүйнө же күч сарптабай ала турган мүлктөр

**128-берене:** Мүлктү башкаруу – аны сарптоо менен болобу, көбөйтүү менен болобу – Шореънин уруксаты менен чектелген. Ысырапкордукка, ойноп-күлүп көңүл ачуучулукка жана зыкымдыкка тыюу салынат. Капиталисттик компанияларга, кооперативдик коомдорго жана башка шариятка тескери болгон мамилелерге тыюу салынат. Сүткордук, чегинен ашырып кымбат баа коюу, монополия, кумар жана ушуга окшогон иштерге тыюу салынат.

**129-берене:** Калкы өз ыктыяры менен Исламга кирген жерлер жана Арабстан жарым аралынын жерлери ушрий жерлер эсептелет. Арабстан жарым аралынан тышкары согуш жана тынчтык келишими менен фатх кылынган жерлер хиражий жерлер эсептелет. Ушрий жерлердин өзүнө да, пайдасына да адамдар ээлик кылышат. Ал эми хиражий жерлер мамлекеттик мүлк эсептелет, адамдар анын пайдасына гана ээ болушат. Ар бир адам ушрий жерлердин өзүн жана хиражий жерлердин пайдасын шаръий акд менен алмаштыруу укугуна ээ. Жерлер да башка байлыктар сыяктуу мурас болуп калат.

**130-берене:** Бош жерлерди иштетүү менен жана айланасын коргондоп алуу менен мүлк кылып алат. Башка жерлер болсо, шаръий себептер: мурас, сатып алуу, мамлекет тарабынан бөлүнүп берилиши сыяктуулар аркылуу мүлк кылып алынат.

**131-берене:** Жер хиражий болсо да, ушрий болсо да дыйканчылык үчүн аны ижарага берүүгө бүтүндөй тыюу салынат. О.э. музоробага т.а. жер ээсинин эгинге шерик болуп, жерди башкага беришине да тыюу салынат. Ал эми мусокот (бак кылынган жерди ижарага берүү) толук мүмкүн.

**132-берене:** Жерге ээ болгон ар бир адам андан пайдаланышы керек. Муктаж адамга жерден пайдалануу мүмкүнчүлүгүн бере турган каражаттар Байтулмалдан берилет. Үч жылга чейин жерин иштетпей

таштап койгон ар кандай адамдан жер тартып алынат жана башкага берилет.

**133-берене:** Жалпы элдик мүлк үч нерседе көрүнөт:

а) Жамааттын зарылчылыктары деп эсептеле турган бардык нерселер: шаардын көчө жана аллеялары сыяктуу.

б) Бүтпөс-түгөнбөс кендер: нефть, газ кендери сыяктуу.

в) Табияты адамды ага ээлик кылууга тыюу сала турган нерселер: дарыялар, жайлоолор сыяктуу.

**134-берене:** Ишкана – негизинен – жеке менчик мүлк эсептелет. Бирок, ал өндүрүп чыгара турган продукциянын өкүмүн алат. Эгер продукция жеке менчик мүлк эсептелсе, ишкана да жеке менчик мүлк болот: токумачылык ишканалары сыяктуу. Эгер продукция жалпы элдик мүлктөн болсо, ишкана да жалпы элдик мүлк эсептелет: темир иштеп чыгаруу ишканалары сыяктуу.

**135-берене:** Мамлекет жеке менчик мүлктү жалпы элдик мүлккө айландырышы мүмкүн эмес. Себеби, жалпы элдик мүлк мамлекеттин райына карап эмес, балким, мүлктүн өзүнө жана сыпатына карап өз ордун табат.

**136-берене:** Үммөттүн ар бир өкүлү жалпы элдик мүлк чөйрөсүнө кире турган байлыктардан пайдалануу укугуна ээ. Мамлекет кайсы бир адамга жалпы элдик мүлккө ээлик кылууга же аны өз пайдасына моюн сундурууга (эксплуатациялоого) уруксат берип, элди андан куру калтырышы таптакыр мүмкүн эмес.

**137-берене:** Мамлекет калк кызыкчылыгын көздөп, корук жерлерди же жалпы элдик мүлк эсептелген нерселерди өз коргоосуна алып коюшу мүмкүн.

**138-берене:** Байлык топтоп казына кылууга тыюу салынат. Мейли, анын зекети берилсе да, буга карабастан, тыюу салынат.

**139-берене:** Зекет мусулмандардан жыйып алынат. Зекет шарият белгилеп берген мүлктөрдөн: акча, соода каражаттары, чарба малдары жана дандардан алынат. Шариятта көрсөтүлбөгөндөрүнөн алынбайт. Зекет балакатка жеткен, акылга толгон мукаллаф болушуна, же наристе жана жинди болгон мукаллаф эмес болушуна карабастан, ар бир мүлк ээсинен алынат. Алынган малдар Байтулмалдын атайын белгиленген бөлүмүнө коюлат жана Курани Каримде айтылган сегиз тайпанын бир же бир нечесине сарпталат.

**140-берене:** Жизя зиммийлерден жыйып алынат. Эгер төлөөгө кудуреттүү болушса, балакатка жеткен эркектерден алынат. Аялдар жана балдардан алынбайт.

**141-берене:** Хираж хиражий жерлердин мүмкүнчүлүгүнө карап жыйып алынат. Ушрий жерлерден болсо, иш жүзүндө түшкөн түшүмдөн зекет (ушр) алынат.

**142-берене:** Мусулмандардан Байтулмалдын каражаттарын капташ үчүн, шарият уруксат берген салыктар жыйып алынат. Мунун шарты, салыктар мүлк ээсинин адаттагы муктаждыктарынан арткан мал-мүлк эсебинен алынат жана мамлекет муктаждыктарын каптоого жетиштүү болушуна көңүл бурулат. Мусулман эместерден эч кандай салык алынбайт. Алардан болгону жизя алынат.

**143-берене:** Шарият Үммөткө важып кылган ар кандай амалды аткаруу үчүн Байтулмалда каражат болбосо, жоопкерчилик Үммөт желкесине өтөт. Мындай абалда мамлекет салык салуу аркылуу бул каражатты Үммөттөн жыйып алуу укугуна ээ. Шарият Үммөткө важып кылбаган иштер үчүн болсо, мамлекет эч кандай салык салышы мүмкүн эмес. Мамлекет мекеме жана ишканаларды камсыздандыруу үчүн же кайсы бир кызыкчылыкты аткаруу үчүн төлөм салыктарын алышы мүмкүн эмес.

**144-берене:** Мамлекет бюджетинин шаръий өкүмдөр тастыктаган туруктуу бөлүктөрү бар. Бирок, бюджеттин белгилүү бир бөлүмдөрү, ар бир бөлүмгө ажыратыла турган каражаттар жана бул каражаттарды ар бир бөлүмдө кайсы иштерге адистештирилиши халифанын райы жана ижтихатына калат.

**145-берене:** Байтулмалдын туруктуу кирешелери: файдын бардыгы (фай – душмандардан согушсуз алынган олжолор), жизя, хираж, рикоздун бештен бири (рикоз – фатх кылынганга чейин жашырып коюлган табылга байлыктар) жана зекет. Бул каражаттар аларга муктаждык болбосо да ар дайым туруктуу алынат.

**146-берене:** Байтул малдын туруктуу кирешелери мамлекет каражаттарын каптоого жетишерлик болбосо, мамлекет мусулмандардан салык алууга акылуу. Салыктар төмөндөгү иштер үчүн гана алынышы шарт:

а) Бакырларга, мискиндерге, мусапырларга жана жихад парызын аткарууга Байтулмалдан сарптоо важып болгон каражаттарды капташ үчүн.

б) Байтулмалдан төлөм катары берилиши важып болгон каражаттарды капташ үчүн: кызматчылардын маяналары, кошуундун керектөөсү, акимдерге бериле турган нафакалар.

в) Жалпы кызыкчылык жана ыңгайлуулуктарды жаратуу жолунда Байтулмалдан кайтарымсыз берилиши важып болгон

каражаттарды капташ үчүн: жолдор куруу, суу менен камсыздоо, мечит, медресе жана оорууканалар куруу сыяктуу.

г) Калк ачарчылык, суу ташкындары жана жер титирөөлөр сыяктуу кырсыктарга дуушар болгон убакта Байтулмалдан зарылдык жүзөсүнөн берилиши важып болгон каражаттарды капташ үчүн.

**147-берене:** Мамлекет чек араларындагы бажыканалардан алына турган, жалпы элдик мүлк же мамлекеттик мүлктөн пайда боло турган жана мураскорсуз мурас кала турган каражаттар да Байтулмалдын кирешелеринен эсептелет.

**148-берене:** Байтул малдын каражаттары төмөндөгү алты орунга бөлүштүрүлөт:

а) Зекет малдарын алууга акылуу болгон сегиз тайпага зекет бөлүгүнөн сарп кылынат. Эгер зекет бөлүгүндө каражат болбосо, аларга эч нерсе сарп кылынбайт.

б) Бакырлар, мискиндер, мусапырлар, карыздарларга жана жихадга – эгер зекет бөлүгүндө каражат болбосо – Байтулмалдын туруктуу кирешелеринен сарп кылынат. Эгер Байтулмалдын туруктуу кирешелеринде да каражат болбосо, анда бакырлар, мискиндер, мусапырлар жана жихад каражаттарын капташ үчүн салыктар жыйып алынат, ал эми, карыздарларга алардан сарп кылынбайт. Эгер кризис коркунучу жүзөгө келсе, бул каражаттарды капташ үчүн карыз алынат.

в) Кызматчылар, акимдер жана аскерлер сыяктуу мамлекет үчүн кызмат кылып жаткан адамдарга да Байтулмалдан сарп кылынат. Эгер Байтулмалдагы каражат жетиштүү болбосо, бул каражаттарды капташ үчүн ошол замат салыктар салынат. Эгер кризис коркунучу жүзөгө келсе, бул каражаттарды капташ үчүн карыз алынат.

г) Жолдор, мечиттер, медреселер жана ооруканалар куруу сыяктуу негизги жалпы кызыкчылыктар жана ыңгайлуулуктар үчүн да Байтулмалдан сарп кылынат. Эгер Байтулмалдагы каражат жетпесе, бул каражаттарды капташ үчүн ошол замат салыктар салынат.

д) Жогорку даражадагы жалпы элдик кызыкчылыктар жана ыңгайлуулуктар үчүн Байтулмалдан сарп кылынат. Эгер Байтулмалда каражат жетпесе, аларга эч нерсе сарпталбайт, кийинкиге калтырылат.

е) Жер титирөө жана суу ташкындары сыяктуу кырсыктарга да Байтулмалдан сарп кылынат. Эгер каражат болбосо, бул каражаттарды капташ үчүн ошол замат карыз алынат. Соң, бул карыз жыйыла турган салыктар эсебинен төлөнөт.

**149-берене:** Мамлекет ар бир жаранды жумуш менен камсыздоо кепилдигин алат.

**150-берене:** Компаниялар жана жеке адамдар кол астындагы кызматчылар да мамлекеттик кызматчылар ээ болгон бардык укук жана милдеттерге ээ болушат. Акы эсебине мээнет кылуучу ар бир адам – жумуштун же жумушчунун түрүнө карабастан – кызматчы эсептелет. Эгер жумушчу жана жалдоочу адам эмгек акысы үстүндө келише албай калышса, айнул мислге (ушул ишке окшогон жумуш үчүн төлөнө турган эмгек акыга) карап өкүм кылынат, башка иштерде келише алышпаса, шарият өкүмдөрүнө ылайык ижара келишимине карап өкүм чыгарылат.

**151-берене:** Эмгек акы жумуштан же жумушчунун өзүнөн келе турган пайдага карап белгилениши мүмкүн. Жумушчунун маалыматы же илимий даражасына карап белгиленбейт. Кызматчылар үчүн кошумча сыйлыктар болбойт, балким, алар – жумуш же жумушчунун өзүнө карап белгиленишине карабастан – өздөрүнүн эмгек акыларын толук алышат.

**152-берене:** Эч кандай каражатка ээ болбогон, жумушсуз жана карай турган жакындары болбогон адамдарды мамлекет камсыздайт. Алсыз жана эмгекке жараксыздарды өз карамагына алат.

**153-берене:** Мамлекет байлыктардын калк ортосунда барабар айланып турушуна олуттуу көңүл бурат, белгилүү бир тайпанын гана колуна өтүп калышына жол койбойт.

**154-берене:** Мамлекет калктагы ар бир адамга бардык муктаждыктарын кандыруу мүмкүнчүлүктөрүн жаратып берүү жана коомдогу тең салмактуулукту сактоо проблемасын төмөндөгүчө чечет:

а) Мамлекет Байтулмалдагы кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрдөн, олжолордон жана ушул сыяктуулардан берет.

б) Жетиштүү жерге ээ болбогон адамдарга өнүмдүү жерлерден бөлүп берет. Бирок, жери бар болуп туруп, андан пайдаланбай жаткан адамдарга бербейт. Дыйканчылык кылууга алы келбеген адамдарга бул мүмкүнчүлүккө ээ болушу үчүн каражат ажыратат.

в) Карыз төлөөгө алсыз болгон адамдардын карыздарын зекет, олжо ж.б.у.с.лардын эсебинен төлөйт.

**155-берене:** Мамлекет түшүмдүүлүктүн эң жогорку деңгээлинде жерден пайдаланууну ишке ашыра турган дыйканчылык саясатынын талаптарына ылайык дыйканчылык иштерин жана продукцияларын көзөмөлдөп турат.

**156-берене:** Мамлекет бардык өнөржай тармактарын көзөмөлүнө алат, жалпы элдик мүлк курамына кире турган өнөржай тармактарына түздөн-түз жетекчилик кылат.

**157-берене:** Тышкы соода мамилелеринде буюм иштеп чыгарылган жерге карап эмес, балким, соодагердин жарандыгына карап мамиле

кылынат. Ошондуктан, биз менен согуш абалында болгон мамлекеттин соодагерлерине биздин өлкөбүздө иш-аракет алып барууга уруксат берилбейт, соодагер үчүн же мал үчүн атайын уруксат менен гана уруксат берилет. Биз менен келишим түзгөн мамлекеттердин соодагерлерине ортодогу келишим шарттарына карап мамиле кылынат. Ислам мамлекетинин жараны болгон соодагерлерге мамлекет муктаж болгон нерселерди жана душманды аскердик, өнөржай жана экономикалык жактан күчөтө турган нерселерди тышкарыга алып чыгууга уруксат берилбейт, бирок, бул соодагерлердин өздөрү ээ болгон ар кандай малды алып кириши чектелбейт. Бирок, (Израил) сыяктуу биз менен иш жүзүндө согуш абалында болгон мамлекет мындан сырткары. Мындай мамлекеттер соода же башка ар кандай мамилелерде иш жүзүндө дорул харб (согуш дияры) өкүмүндө болот.

**158-берене:** Калктын бардык адамдары турмуштун бардык тармактарына тиешелүү болгон илимий лабораторияларды ачуу укугуна ээ болушат. Негизи, мындай лабораторияларды ачуу мамлекеттин милдети.

**159-берене:** Үммөт же мамлекетке зыян келтире турган заттарды иштеп чыгаруучу лабораторияларга адамдардын ээлик кылышына тыюу салынат.

**160-берене:** Мамлекет бардык адам үчүн акысыз медициналык кызматты камсыздайт, бирок, дарыгерлерди жалдоого жана дары-дармек соодасына тыюу салбайт.

**161-берене:** Мамлекетке чет эл каражаттарын алып кирүүгө жана аларды инвестиция кылууга о.э. ар кандай чет элдикке артыкчылык берүүгө тыюу салат.

**162-берене:** Мамлекет өзүнө таандык, ар кандай тышкы таасирге көз каранды болбогон акча чыгарат. Бул акча эч кандай чет элдик акчаларга байланыштуу болбошу керек.

**163-берене:** Мамлекеттин акчалары басылган же басылбаган абалдагы алтын жана күмүштөн турат. Мамлекеттин алтын жана күмүштөн башка акчасы болушу мүмкүн эмес. Мамлекет алтын жана күмүш ордуна башка заттан акча чыгарышы мүмкүн, мунун шарты, мамлекет казынасында ошол акча барабарында алтын жана күмүш болушу керек. Т.а. мамлекет жез, коло, кагаз же башка заттардан акча чыгарып, аны өз наамынан басышы мүмкүн, эгер бул акчанын алтын жана күмүштөн эквиваленти болсо.

**164-берене:** Мамлекеттин өз валютасын айырбашташы мүмкүн болгондой, бул валюта менен башка мамлекеттердин валюталарын өз ара айырбашташы да мүмкүн. Валюталар жынысы ар түрдүү болсо,

айырбаштоодо биринин наркы экинчисинен ашыкча болушу мүмкүн, аларды айырбаштоо колдон-колго өтүү шарты менен мүмкүн. Насыя болушу мүмкүн эмес. Валюта жыныстары ар түрдүү болсо, айырбаштоо наркын эч бир чектөөсүз өзгөртүүгө уруксат берилет. Калктагы ар бир адам ичкериден да, тышкарыдан да каалаган валютаны жана бул валюта эсебине эч кандай уруксатка муктаж болбогон абалда ар кандай валюта жана башка буюмдарды сатып алуу укугуна ээ.

## Таалим саясаты

**165-берене:** Таалим программасынын негизи Ислам акыйдасы болушу шарт. Окуу материалдары жана окутуу жолдору таалимдин ушул негизинен четтөөгө жол койбой турган түстө иштелип чыгат.

**166-берене:** Таалим саясаты исламий пикир жана исламий туйгуларды калыптандыруу болуп, окуу материалдарынын бардыгы мына ушул саясаттын негизинде иштелип чыгат.

**167-берене:** Таалимден көздөлгөн максат – Исламий шахсты (личностту) калыптандыруу жана адамдарды турмуштун бардык тармактарына тиешелүү болгон илим жана билимдер менен байытуу. Таалим жолдору мына ушул максатты жүзөгө чыгара турган түстө белгиленет. Бул максатка алып барбай турган ар кандай жолдорго тыюу салынат.

**168-берене:** Исламий билимдерге жана араб тилине ажыратылган апталык сабактардын өлчөмү сан жагынан да, убакыт жагынан да башка билимдерге ажыратылган сабактар өлчөмүнө тең болушу шарт.

**169-берене:** Таалимде тажрыйбалык билимдер, мисалы, ушул түркүмгө кирүүчү математика сыяктуу билимдер менен сакофий билимдердин ортосундагы айырмачылык эсепке алынышы керек. Тажрыйбалык жана ушул түркүмгө кирүүчү билимдер муктаждыкка карай үйрөнүлөт, таалим баскычтарынын кайсы бирине чектеп коюлбайт. Сакофий билимдер болсо жогорку баскычтан алдыңкы баскычтарда Ислам пикирлери жана өкүмдөрүнө тескери болбогон белгилүү бир саясатка карап алынат. Ал эми, жогорку баскычта таалим саясатынан жана максатынан четке чыкпоо шарты менен илим катары алынат.

**170-берене:** Таалимдин бардык баскычтарында Ислам сакофаты үйрөтүлүшү шарт. Жогорку баскычта болсо, медицина, география, табият жана ушул сыяктуу билимдер адистештирилгени сыяктуу, Исламий агартуунун бардык түрлөрү үчүн да факультеттер адистештирилет.

**171-берене:** Илим-билим жана өнөржайлар – соода-сатык, деңизчилик жана дыйканчылык сыяктуу – бир тараптан билимдер

түркүмүнө кошулуп, эч кандай чектөөсүз жана шарттарсыз алына берет. Сүрөтчүлүк жана айкелчилик сыяктуулар болсо, өзүнчө көз караш менен таасирленген убакытта сакофат түркүмүнө кошулуп, эгер Ислам көз карашына тескери болсо, алынбайт.

**172-берене:** Таалим программасы бирөө гана болот. Мамлекет белгилеген программадан башка эч кандай программага уруксат берилбейт. Мамлекет программасына чектелген, таалим программасына негизделген, таалим саясатын жана максатын жүзөгө чыгара турган жергиликтүү медреселерге уруксат берилет. Мунун шарты, таалим берүүдө окуучулар ортосунда да, мугалимдер ортосунда да эркек жана аялдар аралаш болбошу керек жана таалим кайсы бир дин, мазхаб, раса же топтогулар үчүн чектелген болбошу лазым.

**173-берене:** Эркек болобу, аял болобу, ар бир адамдын турмуш майданында зарыл болгон билимдерге ээ болушу парз. Ошондуктан, башталгыч жана ортоңку баскычтарда таалим алуу баарына мажбурий түрдө болот. Бул таалимди баарына акысыз камсыздоо мамлекеттин мойнунда. Жогорку таалим да мүмкүн болушунча баарына акысыз камсыздалышы керек.

**174-берене:** Мамлекет фикх, усули фикх, хадис, тафсир, пикир, медицина, геометрия, химия, ойлоп табуу, жаңы ачылыштар жана башка илим-агартуу тармактарында изденүүнү улантууну каалоочуларга мүмкүнчүлүк жаратып берүү үчүн медресе жана университеттерден тышкары китепканалар, лабораториялар жана башка билим колдонмолорун даярдап берет. Анткени, Үммөттүн арасынан көптөгөн мужтахиддер, жаңы ойлоп табуучулар жана чыгармачыл адамдар жетишип чыксын.

**175-берене:** Бардык баскычтарда таалим үчүн автордук укукту кыянатчыл пайдаланууга тыюу салынат. Эч кимдин – мейли, автор болсун, мейли, башкасы болсун – басып чыгарылган китебин басып чыгаруу укугуна ээ эмес. Бирок, өзүндө али басып чыгарылбаган пикирлер болсо, бул пикирлерди башкаларга берип, акы алышы – таалим үчүн акы алышы мүмкүн болгондугу сыяктуу – мүмкүн.

## Тышкы саясат

**176-берене:** Саясат Үммөттүн ички жана тышкы иштерин башкаруу болуп, мамлекет жана Үммөт тарабынан ишке ашырылат. Мамлекет бул иш менен түздөн-түз алектенет, Үммөт болсо бул иш жүзөсүнөн мамлекетти эсеп-китеп кылып, тергеп турат.

**177-берене:** Эч бир адам, хизб, топ же жамааттын кайсы бир чет мамлекет менен мамилеси болушу мүмкүн эмес. Башка мамлекеттер менен орнотула турган ар кандай алакалар мамлекетке тийиштүү.

Себеби, мамлекет гана Үммөттүн иштерин иш жүзүндө башкаруу укугуна ээ. Үммөт жана саясий топтордун милдети болсо, мына ушул тышкы алакалар жаатында мамлекетти эсеп-китеп кылып тергөөдөн турат.

**178-берене:** Көздөлгөн максат аны ишке ашырчу ыкманы актабайт, себеби, тарыйкат фикраттан келип чыгат. Важыпка да, мубахка да, ага жетишүү үчүн арам ыкма жол кылып алынбайт. Саясий колдонулчу ыкма саясат тарыйкатына тескери болушу мүмкүн эмес.

**179-берене:** Саясий манёврлар тышкы саясатта зарыл иш эсептелет. Мындагы кубат иштерди ашкере кылууда жана максаттарды жашырууда болот.

**180-берене:** Тайманбастык, чечкиндүүлүк менен мамлекеттердин кылмыштарын ачып таштоо, жасалма саясаттардын кооп-коркунучун баян кылуу, жийиркеничтүү тил бириктирүүлөрдүн бетин ачуу, адаштыруучу топторду талкалап таштоо – булар эң маанилүү саясий ыкмалардан эсептелет.

**181-берене:** Жеке адамдын, Үммөттүн жана мамлекеттин иштерин башкарууда Исламий пикирлердин бийиктигин көрсөтүү эң күчтүү саясий жолдордон эсептелет.

**182-берене:** Үммөттүн саясий маселеси – мамлекет шахсиятынын (өздүгүнүн) кубатында, Ислам өкүмдөрүнүн көркөм колдонулушунда жана Исламий даъватты бүткүл дүйнөгө жаюу үчүн тынымсыз аракет кылууда көрүнө турган Ислам болуп эсептелет.

**183-берене:** Исламий даъватты жаюу өзөк-ок болуп, тышкы саясат анын айланасында айланат. Бардык мамлекеттер менен боло турган мамилелер ушул негизге курулат.

**184-берене:** Исламий мамлекеттин дүйнөнүн башка мамлекеттери менен орното турган алакаларында төрт нерсеге көңүл бурулат:

1) Ислам дүйнөсүндөгү бардык мамлекеттер биригип бир мамлекет деп эсептелет. Алар тышкы алакалар алкагына кирбейт жана алар менен боло турган алакалар тышкы саясат деп эсептелбейт. Алардын бардыгын жалгыз мамлекет чек арасында бириктирүү үчүн иш алып баруу важып.

2) Биз менен өз ара экономикалык, соодалык, жакшы кошуначылык же сакофий келишимдер түзгөн мамлекеттер менен ушул келишимдерде көрсөтүлгөндөй мамиле кылынат. Алардын жарандары – эгер келишимде көрсөтүлгөн болсо – Ислам мамлекетине чет эл паспортусуз, өздүк күбөлүк менен кирүүлөрү мүмкүн, мунун шарты, алар да биздин жарандарга иш жүзүндө дал ушундай мамиледе болуулары керек. Ал мамлекеттер менен боло турган соода жана

экономикалык алакалар белгиленген зарыл нерселерде жана белгиленген сыпаттарда чектелген болуп, алардын кубатынын күчөшүнө алып барбашы керек.

3) Биз менен өз ара келишимдерге ээ болбогон мамлекеттер, Англия, Америка, Франция сыяктуу иш жүзүндөгү колонизатор мамлекеттер, же Россия сыяктуу колония кылуу ниетиндеги мамлекет согуш абалындагы (мухориб) мамлекеттер деп саналат жана аларга карата бардык этият чаралар көрүлөт. Алар менен эч кандай дипломатиялык алакаларды орнотуу мүмкүн эмес. Бул мамлекеттердин жарандары мамлекетибизге жалаң гана чет эл паспорту, же ар бир адам жана ар бир сапар үчүн атайын виза менен гана кирүүлөрү мүмкүн.

4) Израил сыяктуу иш жүзүндө согуш абалындагы мамлекеттер менен бардык иштерде согуш абалы негиз кылып алынат. Биз менен алардын ортосунда убактылуу тынчтык келишими болсо да, болбосо да, иш жүзүндө согуш абалындагыдай мамиле кылынат. Алардын бардык жарандарынын мамлекетке киришине тыюу салынат.

**185-берене:** Аскердик келишимдер о.э. аскердик келишимдер катарына кире турган саясий келишимдер жана аскердик база жана аэропортторду ижарага берүү келишимдерине катуу тыюу салынат. Жакшы кошуначылык келишимдерин, экономикалык, соода, каржы, сакофий жана убактылуу тынчтык келишимдерин түзүү мүмкүн.

**186-берене:** Ислам мамлекети Ислам негизине курулбаган, же Ислам өкүмдөрүн турмушка колдонбой турган уюмдарда катышышы мүмкүн эмес. Мындай уюмдардын катарына БУУ, Эл аралык сот, Эл аралык валюта кору жана Дүйнөлүк банк сыяктуу мамлекеттер аралык уюмдар жана «Араб мамлекеттеринин биримдиги» сыяктуу аймактык уюмдар кирет.